# Маймактыкты оңдоо

> **ЭСКЕРТМЕ. 11-бөлүмдө биз маймактыкты бир сыйра караганбыз. Маймактыкты оңдоого киришүүдөн мурун, 114- жана 116-беттерди кайрадан окуп чыгууну сунуш кылабыз.**

Бала канчалык жаш болсо, анын бутунун деформациясын ошончолук тез жана оңой оңдоо мүмкүн. **Эң мыкты натыйжага жетүү үчүн, мындай иш-аракеттерди бала төрөлгөнүнөн 2 күн өткөндөн кийин баштоо зарыл.** Негизи, 1 жаштан өтүп кеткен баланын бутунун маймактыгын хирургиялык операция менен гана оңдоо мүмкүн. 116-бетте конкреттүү баланын бутунун маймактыгын оңдоо иши канчалык оор же жеңил болорун божомолдоону мүмкүн кылган факторлор тууралуу айтып өткөнбүз.


маймак бут


## 1-ыкма: БИР КАЛЫПТА БЕКЕМ КАРМООЧУ ТАҢУУ

Бул ыкма маймактыгынын катаалдыгы жеңил же орточо болгон ымыркайларда жакшы иштейт, айрыкча эгер бут кетменин күч колдонбоосуз эле туура же дээрлик туура абалына келтирүү мүмкүн болсо. Ыкма гипстөөгө салыштырмалуу жеңилирээк жана арзаныраак, кээде сонун натыйжаны камсыз кылат. Бул ыкманы ишке ашыруу үчүн, төмөнкүлөр зарыл:


- бензоиндин тундурмасы (Жабышчаак фетр жакшыраак жабышуусу үчүн, териге сыйпалат. Тундурмадагы цинк оксиди терини коргоодо жардам берет.)
- кебез
- жабышчаак хирургиялык фетр (жумшак төшөм катары), калыңдыгы 8 мм, жазылыгы 2,5 см-ден кем эмес
- жазылыгы 2,5 см лейкопластырь же цинк оксиди бар кайыш


1. Лейкопластырь таңыла турган жерлердеги териге бензоиндин тундурмасын сыйпаңыз.

2. Ымыркайдын бут кетменин сүрөттө көрсөтүлгөндөй кармап, күчкө салбай, мүмкүн болушунча этияттап түздөңүз.





3. Сүрөттө көрсөтүлгөндөй кылып, тизесин мүмкүн болушунча бүгүп, фетрдин тилкелерин бут кетменине, тизесине жана шыйрагына айланта жабыштырыңыз.


КАПТАЛЫНАН КӨРҮНҮШҮ


АЛДЫНАН КӨРҮНҮШҮ


4. Фетрдин үстүнөн лейкопластырды чаптаңыз. Бут кетменинин тышкы жагынан баштап, таманын айланта, тизесине чейин тартып, кайра бут кетменине түшүрүп чаптаңыз. Лейкопластырды бут кетменин туурараак абалына келтирип чаптаңыз.


КАПТАЛЫНАН КӨРҮНҮШҮ



АЛДЫНАН КӨРҮНҮШҮ

5. Лейкопластырдын чапталган биринчи катмарын бекитүү үчүн, анын үстүнөн дагы бир катмарын шыйракты айланта чаптаңыз.


АЛДЫНАН КӨРҮНҮШҮ

> **ЭСКЕРТҮҮ!** Лейкопластырды чаптагандан 10 мүнөт өткөндөн кийин бут кетменинин бир жери карарып кетпегенин текшериңиз. Карарып кеткен жери бар болсо, таңуу кыскан жерди таап, аны бошотуп тууралоого аракет кылыңыз. Эгер карарууу кетпесе, таңууну чечип,баарын башынан баштаңыз.

Ар 2 же 3 күн сайын эски лейкопластырдын үстүнөн жаңысын так ушул ыкма менен чаптап, мындай оңдоо таңуусун жаңылап туруңуз. 7-күнү таңууну толугу менен чечип, бутту кийинки күнгө чейин эс алдырыңыз. 8-күнү жаңы фетр менен лейкопластырь чаптаңыз.

(Уландысы кийинки бетте.)

## Ордунда бекем кармоочу таңуу менен жүргөндө аткарылуучу көнүгүүлөр

Ымыркайдын бут кетмени ушинтип таңылган абалында болгондо, үй-бүлөдөгү бирөө балага тамак берүү же кийимин которуу учурунда аны менен дайыма чоюу көнүгүүлөрүн жасап туруусу зарыл (күнүнө 8 жолудан кем эмес).

1. Баланын бутун сүрөттө көрсөтүлгөндөй кармап, **бутүндөй бут кетменин ӨЙДӨ жана СЫРТТЫ көздөй буруңуз.**


Бут кетменин ушул абалында 10го чейин санап бүткүчө коё бербей кармаңыз. Муну 10 жолу кайталаңыз.


2. Чыпалагын тизесинин сырткы бетине тийгизейин деп жаткансып, бут кетменин буруңуз.

Мындай таңууну жана көнүгүүлөрдү бут кетмени **бир аз сыртын көздөй ийилип калгыча (“гиперкоррекция” абалы) уланта берүү зарыл.**


3. Эгер бут кетмени фасоль буурчагына окшошуп ийилип турса, бут кетменин мында көрсөтүлгөндөй кылып, деформациясынын карама-каршы багытында чоюңуз.

4. Баланын бут кетменин ушинтип чойгондон кийин, бут кетмениинин сырткы жагын кытыгылоо жолу аркылуу бала бут кетменин өзү сыртты көздөй тартып ийүүсүнө жардам бериңиз.









Эгер мындай таңууну жана чоюу көнүгүүлөрүн 3 ай бою токтотпой аткаргандан кийин деле баланын бут кетмени толугу менен түздөлбөсө, анда хирургиялык операция жасатуу талап кылынышы мүмкүн.

## 2-ыкма: ГИПСТЕП ТАҢУУ

Бул ыкма боюнча гипстеп таңуу жолу так контрактураларды оңдоо ыкмасындагыдай эле (59-бөлүмдү караңыз). Маймактык 3 баскычтан өтүү жолу аркылуу бара-бара оңдолот:

**А баскычы** → **Б баскычы** → **В баскычы**

**А баскычы**

Ички көздөй ийилип турган бут кетменин ал **ылдый карап калгыдай кылып буруңуз.** Бут кетменин азырынча өйдө бурбай (көтөрбөй) коё туруңуз.


**Б баскычы**

Бут кетменин **бир аз сыртын көздөй ийилип** калгыча буруңуз: ал **ылдыйды** жана **сыртын** көздөй карап калат. **Согончок ички көздөй бурулуп калбай**, түз жана бир аз сыртты көздөй бурулган абалында кармалып калмайынча, бут кетменин ушул абалында коё бербей кармаңыз.

**В баскычы**


Эми, бут кетмениинин сырткы бети ички бетинен өйдөрөөк кармалгыдай кылып, бут кетменин көтөрүңүз, башкача айтканда, **“гиперкоррекция” абалына келтириңиз.**






Согончок ичин көздөй бурулуп турат.


Согончок сыртын көздөй бурулуп турат.





## А баскычы


1. Жаш балада, гипстүү таңуу ылдый жылып кетпеши үчүн, көп учурда **тизесин бүгүлгөн абалында калтырып, бүтүндөй бутун гипстеп таңууга туура келет.** Адегенде бүтүндөй бутка пахтадан жасалган төшөмдү ороп алуу керек.




Сөөктөрү уркуйган жерлерине кошумча төшөм коюңуз (560-бетти караңыз).

Манжаларынын ортолоруна кебезден карматыңыз. (Бут кетмени гипстелип бүткөндөн кийин аларды алып салыңыз.)

2. Бут менен бут кетменин таңыңыз. Тизе менен согончок бөлүктөрүн кошумчалап калың кылып таңыңыз, анткени ушул бөлүктөр көп урунат.




3. Гипс кургагандан кийин, таңуунун согончоктон бут кетменинин ортосуна чейинки бөлүгүн шакек түрүндө тегерете кесип алып салыңыз.




Шакек түрүндө кесилип жаткан бөлүгүн бул жагы кененирээк кесилиши керек.


4. Бут кетменин этияттык жана жай ылдамдык менен ЫЛДЫЙ жана СЫРТЫН көздөй чоюңуз. (Аны азырынча өйдө көтөрбөй коё туруңуз.



5. Териге тийип, аны өйкөттүрбөшү үчүн, гипстүү таңуунун четтерин аттиш менен сыртты каратып бүгүп коюңуз.




6. Бут кетменине кебезди же жумшак марилини айланта ороп, анын үстүнөн жаңы гипстүү таңууну ороңуз.




Манжаларыңыз менен гипсти ойдуңчага киргизе басып, бетин тегиздеп жылмакайлап коюңуз.

Гипс катымайынча, бут кетменин жаңы абалында кармап туруңуз.

7. Жумасына бир же эки жолу таңуунун үстүнөн айланта оролгон бөлүгүн алып, бут кетменин дагы бир аз ылдый жана сыртын көздөй бүгүп, үстүнөн жаңы гипстүү таңуу менен айланта ороңуз.



7-пункутту бут кетмени бир аз сыртын көздөй бурулуп калмайынча кайталай бериңиз. Демейде буга бир нече жума кетет.

## Б баскычы

1. Гипстүү таңууну толугу менен чечип, бут кетменинин абалын текшериңиз.




Атүгүл бут кетменинин ийрийүүсү оңдолгондон кийин деле, көп учурда, согончок ичти көздөй кайрылып турган абалында кала берет.



2. Мындай учурда, согончок түздөлмөйүнчө, бут кетменин **ылдый** жана **сыртын** көздөй бурулган абалында таңууну уланта бериңиз.

АРТЫНАН КӨРҮНҮШҮ





Согончок дагы эле ичти көздөй кайрылып турат.

Согончок түз турат.


## В баскычы

1. Бут кетмененин жана согончоктун капталдарды көздөй ийрийүүсү түзөлгөндөн кийин, бут кетменин өйдөнү көздөй ийүү иштерин баштаңыз.

2. Бут кетменин көтөрүлгөн абалында эки манжаңыз менен түшүрбөй кармап, гипстүү таңууну ороңуз.




3. Гипс кургамайынча, бут кетменин ушул көтөрүлгөн абалында кармап туруңуз.



Бут кетменин кармап жатып, чыпалак бармактан өйдөрөөк кармалгыдай кылып, бут кетменин сыртты көздөй бир аз буруңуз.



Манжалар түз абалында кармалсын.





4. Жогоруда сүрөттөлгөн ыкманы колдонуп, бут кетменин ушинтип кичинеден көтөрө бериңиз.




Гипстүү таңуунун четтерин аттиш менен өйдө каратып коюңуз.

(**ЭСКЕРТҮҮ!** Гипстүү таңуу бул жеринде терини кычкып же ага матырылып калбашын камсыз кылыңыз.




5. Бут кетмени сүрөттөгүдөй болуп көтөрүлүп же анын абалы өзгөрүп туруусу токтоп (таңууну 3 же 4 жолу алмаштыруу мөөнөтүндө эч өзгөрүү болбоо) калмайынча, бут кетменин жумасына 1–2 жолу ушул ыкма менен кичинеден көтөрө берүүгө уланта бериңиз.









Бул бала бут кетмени маймак болуп төрөлгөн. Айылдагы ***реабилитациялоо*** борборунун кызматкерлери гипстүү таңууларды удаа-удаа колдонуп отуруп, аны оңдошкон. Алар адегенде бут кетменинин ичти көздөй ийрийип туруусун түзөшкөн.







Андан кийин, гипстүү таңуунун согончок бөлүгүн айланта кесип алып салуу, кесилген жердин жазылыгын улам азайтып отуруу жана анын үстүнөн жаңы гипстүү таңуу менен айланта ороо жолу аркылуу бут кетменин бара-бара көтөрүшкөн (567-бетти караңыз).




4 ай бою гипстөөдөн кийин бут кетмени туура абалына келген.

## МААНИЛҮҮ!

**Маймактык оңдолгондон кийин,** ал кайра пайда болбошу үчүн, чара көрүү зарыл.

Ал үчүн көнүгүүлөрдү да, ортездерди да колдонуу маанилүү. Таңуу алынып салынгандан кийин, сунуш кылынган чоюу көнүгүүлөрүн күнүгө, күнүнө эки маал аткарып туруңуз (115-бетти караңыз). Маймактык оңдолгондон кийин колдонулуучу отездерди 116-беттен тапсаңыз болот.

**Балдардын көбү ортездерди өсүүсү токтогуча** (13төн 18 жашка чейин) **пайдалана берүүсү зарыл.** Эгер бут кетмени улам туура эмес абалына кайта берсе, хирургиялык кийлигишүү талап кылынышы мүмкүн.



Маймактыгы бар бул бала ортездерди жок дегенде баса баштагыча күнү-түнү, басып баштагандан кийин – түнкүсүн кийип алып жүрүшү керек.

Бут кетмендерин такай, бир нече жыл бою, ал кайрадан мурунку абалына кайтып баратпаганын текшерип туруу зарыл. Ошондой учурда, бут кетменин ордунда карматуунун башка татаалыраак ыкмасы талап кылыныш мүмкүн.